
**Кыргыздын чыгаан инсандары**

"Кыргыз кереметин" Сүймөнкул Чокморовсуз элестетүү мүмкүн эмес. Сүймөнкул Чокморов киного эч кандай тажрыйбасы жок, профессионал эмес адам катары келгени менен түбөлүккө эң улуу устат катары кала берет. Таланттуу актёр тууралуу КИНО-ТЕАТР.РУ сайтынын жана Limon.kg медиасынын кызыктуу материалдарына көңүлүңөрдү бурабыз.




**"Кызыл алма" тартылууда**

*Чыгармага Чыңгыз Айтматовдун алгачкылардан болгон "Кызыл алма" повести түрткү болду. Бирок бул чыгарманы кадимки маанидеэкрандаштыруу эмес. Окуя чындап эле мага түрткү берди, бирок акырындагы сценарий толугу менен өз алдынча адабий чыгарма болуп калды. Тасма азыркы кыргыз интеллигенциясынын турмушуна арналган, ал бир кичинекей үй-бүлөнүн бир нече күндүк хроникасы, адамдардын татаал карым-катнаштары, татаал сүйүү тууралуу баян.*

*Биздин каарманыбыз – сүрөтчү Темир, Сүймөнкул Чокморов аткарган. Бул биздин үчүнчү кызматташуубуз. Чокморовдун алдында татаал милдет коюлду – кайсы бир учурда өзүнүн өткөнүнө, өзүнө жана жакындары менен болгон мамилесине жаңыча көз чаптырган, мурда байкабаган оор чындыкты баамдаган адамдын ой-санаасынын тереңдигин жеткирүү.*

*Чокморов профессионал сүрөтчү. Муну үгүүчүлар билсе керек. Ал эми «Советтик экран» анын айрым сүрөттөрүнүн репродукцияларын басып чыгарган. «Кызыл алмада» көрүүчүлөр Чокморовдун көптөгөн мурда тарткан чыгармаларын жана ал тасманын каарманы, сүрөтчү Темир катары тарта турган чыгармаларын көрүшөт. Мага, актёр өзү да кесиптешинин ролун, нукура кесибин экранда ойноого кызыкдар болсо керектей сезилет.*

*Биздин ишибиздин көбү анын музыкалык жактан көркөмдөлүшү канчалык так болору менен аныкталат. Көбүнчө композитор мурда тартылган жана бүтө элек материалга музыка жазса, мында болсо музыка актёрлор, оператор, сүрөтчү – бүткүл топ – фильмдин ритмин дароо сезе алышсын, изденүүлөрүндө ага дал келүү үчүн киного тартуу алдында жазылды.*

*Картинанын дагы бир каарманы, активдүү каарманы Кыргызстандын жаратылышы. Бул биздин кооз Ысык-Көлүбүз, тоолору, токойлору, дарыялары гана эмес, шаарлар, алардын заманбап көрүнүшү, бакчалардын, парктардын, бульварлардын жашылдануусу.*

*Бул жолу мен абдан жаш курактагы топ менен иштеп жатам. Мунун өзүнүн жакшы жактары бар: жаштар менен өз көз карашыңды жаңыртасың, бир нерсени бузуудан коркпойсуң. Биздин бирдиктүү аракетибиз, көз караштардын жалпылыгы, топтун ички биримдиги көп нерсени, "Кызыл алмабыз" кандай болорун аныкташы керек.*

**Төлөмүш Океев**
**1975-жыл**

Первый кыргызский фильм о л ×
limon.kg/ky/news:65997
limon.kg
рус кыр
БАШКЫ БЕТ СТАРТАПТАР ЖАНА БИЗНЕС КАРЬЕРА IT БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАҢЫЛЫКТАР ПАРТНЕРЛЕРДИН ЖАНЫЛЫКТАРЫ БЛОГДО

***Жаңылыктар:***

***Кыргыздын чыгаан инсандары:***

***Сүймөнкул Чокморов тууралуу кызыктуу фактылар***

Чокмор узун бойлуу, булчуңдуу, тыкан мурут-сакалчан киши эле. Ал айланасындагылардан терең динчил адам болгону менен өзгөчөлөнүп турган.

Болочок сүрөтчүнүн атасы Чокмор да ошол жагдайга, албетте жашоо шартына карата өзүнчө бир сүрөтчү болгонун көрөбүз. Кичинекей Сүймөнкул атасына жардам берип жүрүп кичинекей жыгач кашык, чөйчөк жасаганды үйрөнгөн... Башкача айтканда, билинбей эле элдик кол өнөрчүлүккө, мындайча айтканда, көркөм чыгармачылыкка кошулган.

Айтмакчы, өткөн кылымдын 60-жылдарынын башына чейин усталардын тиричилик идиштери өзгөчө популярдуу болгон, алар акырындык менен байкалбай жашоо шарттын өзгөрүшү менен күнүмдүк турмуштан чыгып кеткен. Белгилүү сүрөтчү, киноактёр болгон Сүймөнкул алыскы айылдарды кыдырып, анда-санда гана элдин колундагы оюм-чиймдүү жыгач кесе, тамак учурунда жыгач кашык көрүп калса, алыскы балалыгын кайра башынан өткөргөндөй сүйүнчү:... Ал эми кымыз же айран куюп жатып, бул эски, эскилигинен карарып калган табак үй-бүлөнүн кымбат баалуу мурасы, чоң энеден же чоң эненин энесинен калган буюм экени, алар ошентип сактап, өзгөчө сыйлуу коноктор үчүн гана куюшары эске салынса, анда өзүн бактылуу сезип, жылмайып, атасынын өнөрүн унчукпай эстеп калчу...

Чокмор таң эртеден кеч күүгүмгө чейин чарчаганын билбей айылдагы темир устаканада иштечү. Ал эми бош убактысында айылдаштарынын үйүнүн чатырын жаап, айыл чарба шаймандарын оңдоого жетишчү.

Бала кезинде актёр өтө алсыз жана оорулуу болгонун элестетүү да кыйын. Үчүнчү класста күтүлбөгөн жерден катуу ооруп, төшөккө жатып калат. Ал эмес, баса албай бир жыл окууну токтотууга туура келет. Ашыкчасы жок, бир нече жыл бою оору менен айыгышкан күрөш жүрөт, аман калса жыйынтыгы дени сак адам болобу же өмүр бою майып бойдон калабы деген коркунуч бар эле.

Сүймөнкул бир жыл бою дарыланып, бирок мектептеги сабактарды өз алдынча окуйт. Албетте, сүрөт тартат, ошондон тарта ал аны менен туруктуу алектенип калат.

Бир гана спорт менен өжөр, токтобой машыгуу, жашоого умтулуу убакыттын өтүшү менен жаш Сүймөнкулду дени сак адамга гана эмес, келбеттүү жигитке, спортчуга айлантты. Сүймөнкул бул учурду минтип эскерет:

«Үйүбүздүн жанында ойдуң бар эле. Мени көрүшпөсүн деп ойго барчумун: чуркачумун, көнүгүүлөрдү жасачумун. Негизи каалаган жерде, кичине болсо да мүмкүнчүлүк болгондо спорт менен машыга берчүмүн. Ошентип, бир жарым жылымды алса да акырындап ооруну жеңе баштадым. Ошондон бери спорт менен ажырашкан жокпуз. Волейбол боюнча биринчи разрядым бар, студенттик мезгилде Ленинграддын жана Кыргызстандын курама командасында ойногом.

**№1.** Актёрдун физикалык жактан жетишкендигине кайсы сапат түрткү боло алган?

А) өз алдынчалык
Б) элпектик
В) өжөрдүк
Г) дымактуулук

**№2.** Текстте колдонуудан чыгып кеткен кайсы нерселер жөнүндө маалымат бар?

А) оймо-чиймелер
Б) кыл калемдер
В) темир устаканалар
Г) жыгач идиштер

**№3.** 2-текстте автордун кандай ой жүгүртүүсү бар?

А) Сүймөнкул атасынан жыгач кашык, чөйчөк жасаганды үйрөнгөн.
Б) Сүймөнкул адам мүнөзүнүн көрүнүктүү өзгөчөлүктөрүн тандап, таба билген.
В) Чокмордун өзүнчө сүрөтчү экени, албетте, ошол жагдай, жашоо шарт менен түшүндүрүлөт.
Г) Атасы эртеден кечке дейре тыным албай айылдын темир устаканасында иштечү.

**№4.** “Кызыл алмада” режиссердун максаты кандай болгон?
А) Угуучуларга “Кызыл алма” тасмасынын кандайча жаратылганы тууралуу баяндап берүү.
Б) Жашоодо мамилелерди жаңы түшүнгөн адамдын ой-санаасынын тереңдигин ачып берүү.
В) Актёрдун жашоосун, тарткан жана тарта турган сүрөттөрүн көрүүчүлөргө баяндап берүү.
Г) Жаштардын көз караштарын жеткирүү, жаңы топту тарбиялоо, ынтымагын бекемдөө.

**№5.** Актерду өмүр бою майып болуп калуудан эмне сактап калганы айтылган?
А) сүрөт
Б) кино
В) спорт
Г) тасма

**№6.** Өткөн заманда кыргыз кандай идиштерди колдонгону тууралуу эскерилген?
А) айнек
Б) пластик
В) темир
Г) жыгач

**№7.** Текстте сүрөтчүнүн атасынын кандай өзгөчөлүгү тууралуу эскерилген?
А) тыкандыгы
Б) динчилдиги
В) чарчабаганы
Г) узун бою

**№8.** Режиссер тасмага музыканы биринчи жаздырып, актёрлордон эмне күткөнү айтылган?
А) өз алдынчалуулукту, бирдиктүү аракетти
Б) жаңыча көз караштарды, алардын жалпылыгын
В) фильмди музыкалык жактан көрктөндүрүүнү
Г) фильмдин ырганын сезип, изденүүнү

**№9.** “Кызыл алма” тасмасынын сюжетин эмне түзөт?
А) келечектеги жашоо
Б) татаал сүйүү баяны
В) сүрөтчүнүн жаш кези
Г) кооз жаратылыш

**№10.** “Кызыл алма” тасмасында С.Чокморов каарманы менен.....
А) калемдеш
Б) замандаш
В) айылдаш
Г) кесиптеш

**№11.** “Кызыл алма” тасмасындагы каармандын тарткан сүрөттөрү кимге таандык?
А) Чыңгыз Айтматовго
Б) Сүймөнкулдун атасына
В) Төлөмүш Океевге
Г) Сүймөнкул Чокморовго

**№12.** Кайсы ат тексттин мазмунун ачып бере алат?
А) Спорттун пайдасы
Б) Ата менен бала
В) Чыгармачылыктын башаты
Г) Балалыкты эскерүү

**№13.** 1-катардагы сөздөрдү 2-катардын маалыматтары менен дал келтириңиз.

| | |
|---|---|
| А) Жыгач идиштер | 1. бош убактысын балдары менен өткөрчү. |
| Б) Сүймөнкул | 2. жыгач идиштерди жасаганды атасынан үйрөнгөн. |
| В) Чокмор | 3. Сүймөнкулдун балалыгын эсине салчу. |
| Г) Айылдаштары | 4. айылдын темир устасы болгон. |
| | 5. устаны тындырчу эмес. |

| | |
|---|---|
| А | 3 |
| Б | 2 |
| В | 4 |
| Г | 5 |

**№14.** 1-катардагы сүйлөмдүн үзүндүлөрүн 2-катардын маалыматтары менен туташтыргыла.

| | |
|---|---|
| А) “Кызыл алма” тасмасында | 1. бул режиссер менен бир нече жолу кызматташкан. |
| Б) “Кызыл алма” тасмасына | 2. “Кызыл алма” тасмасынын сюжетин түзөт. |
| В) Ч.Айтматовдун чыгармасы | 3. музыкасы тасма тартыла электе жазылган. |
| Г) Атактуу актёр | 4. Кыргызстандын жаратылышы дагы сүрөттөлөт. |
| | 5. спорт менен машыгып эмнеге жетишкендиги тартылган. |

| | |
|---|---|
| А | 4 |
| Б | 3 |
| В | 2 |
| Г | 1 |

**№15.** Ар бир ырастоо үчүн "Ооба" же "Жок" деген жоопту белгиле.

| **Ырастоолор** | **Ооба** | **Жок** |
|---|---|---|
| Сүймөнкулдун актёрдук тушоосу «Кызыл алма» тасмасында кесилген. | | + |
| С. Чокморов волейбол боюнча спорттун чебери болгон. | + | |
| “Кызыл алма” тасмасы - Кыргызстан тууралуу баян. | | + |
| Актёрдун атасынын кесиби сүрөтчү болгон. | | + |

**№16.** Ар бир ырастоо үчүн "Ооба" же "Жок" деген жоопту белгиле.

| **Ырастоолор** | **Ооба** | **Жок** |
|---|---|---|
| Чокмор орто бойлуу, алсыз жана оорулуу адам болгон. | | + |
| С.Чокморов дыйкандын уулу болгон. | | + |
| С.Чокморовдун сүрөтчү болушуна анын жашоосу, оорусу түрткү берген. | + | |
| С.Чокморов Орусияда окуган. | + | |

**№17.** С.Чокморовдун бою кандай болгону тууралуу тексттик маалыматтарга таянып, жообуңарды аргументтештирип жазгыла.

С.Чокморовдун бою узун болгон: анткени ал волейболго катышкан жана атасынын бою дагы узун болгону тууралуу текстте маалымат бар.

**№18.** С.Чокморов сүрөтчүлүк кесиби менен да таанымал болгону тууралуу кайсы маалымат бар? Жообун жазгыла. Чыгармалары (сүрөттөрү) “Советтик экранга” басылып чыккан.

**№19.** Кайсы сөз айкаштары тексттеги катуу ооруп калган деген маалыматты таасирдүүлүгүн арттырып турат? Жообун жазгыла. Баспай калуу, төшөккө жатып калуу

**№20.** Күнүмдүк турмуштан чыгып кеткен деген түшүнүктү кайсы сөз айкашы менен алмаштырса болот? Жообун жазгыла. Колдонулбай калуу

**№21.** Спорт менен өмүр бою машыктым деген түшүнүктү сүрөтчү кандай туюндурган? Жообун жазгыла. Спорт менен ажырашкан жокпуз.

**№22.** С.Чокморов “Кызыл алма” тасмасына качан тартылган? Жообун жазгыла. 1975

**№23.** С.Чокморов “Кызыл алма” тасмасына жыл болду? Жообун жазгыла. 2023-1975=48

**№24.** “Кызыл алма” тасмасынын тартылып жатканы тууралуу маалымат кайда берилген? Жообун жазгыла. Кино-театр.ру сайтында

**№25.** С.Чокморовдун Орусияда окугандыгы тууралуу маалымат кайда берилген? Жообун жазгыла. Limon.kg медиасынын сайтында